## Даярдоо багыты же адистиктер боюнча студенттердин НКББПны өздөштүрүү сапатын балоо системасы.

НКББПнын талаптарына ылайык (учурдагы жана орто аралык аттестация) студенттердин жеке жетишкендиктерин аттестациялоо үчүн дисциплиналардын жумушчу программаларынын алкагында билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, практикалык тажрыйбаларын жана калыптандырылган компетенцияларын баалоого мүмкүндүк берүүчү баалоо каражаттары (типтүү тапшырмалар, контролдук иштер, кырдаалдык маселелер, практикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу тапшырмалар, тесттер, компьютердик тестирлөө программалары ж.б.) иштелип чыккан. Учурдагы, аралык, жыйынтыктоочу текшерүүлөр баалоо каражаттарынын фонддору – окуу-методикалык кеңеште каралып, кызыкдар тараптар менен макулдашылып, педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилет, ал эми мамлекеттик аттестациялоонун программасы НКББПнын жетекчиси тарабынан сунушталып, кызыкдар тараптар менен макулдашылып, педагогикалык кеңеш тарабынан жактырылып, ОшМУнун Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү тарабынан каралып, ОшМУнун орто кесиптик билим берүү депатаментинин директору тарабынан бекитилет.

Баалоо каражаттарынын фонддорундагы тапшырмалар окуу пландагы бардык дисциплиналарды камтып, матрица даярдалып, күтүлүүчү натыйжаларга жетүү үчүн студенттердин келечектеги кесиптик ишинин шарттарына мүмкүн болушунча жакын түзүлөт.

НКББПны өздөштүрүү сапатын балоодо төмөнкү документтер негиз болот.

- Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун кредиттик технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруунун эрежелери;
- Студенттерди компьютердик тестирлөөнүн ЖОЖ ичиндеги системасы жөнүндө жобо;
- Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө жобо.